КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК САЛЫК КЫЗМАТЫ

ГОСУДАРСТВЕННАЯ НАЛОГОВАЯ СЛУЖБА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ФИНАНСОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БУЙРУК
ПРИКАЗ

17.07.2023 № 190 г. Бишкек ш.

# "Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 381-беренесин ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу» Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын 2023-жылдын 19-апрелиндеги № 94 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

Үй жанындагы жер, короо жай же багбанчылык-чарбак участокторуна мүлк жана транспорт каражатына мүлк салыгынын суммаларын эсептөө жөнүндө кабарламалардын формаларын техникалык ишке ашырууну жөнөкөйлөтүү максатында, **буйрук кылам:**

1. 1-пункттун 2, 3 жана 4-абзацтары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- Үй жанындагы жер, короо жай же багбанчылык-чарбак участокторуна мүлк салыгынын суммасын эсептөө жөнүндө салык органынын кабарламасынын формасы (IZVESHENIYE STI – 009);

- Жеке жактар үчүн транспорт каражатына мүлк салыгынын суммасын эсептөө жөнүндө салык органынын кабарламасынын формасы (IZVESHENIYE STI – 010);

- Юридикалык жактар үчүн транспорт каражатына мүлк салыгынын суммасын эсептөө жөнүндө салык органынын кабарламасынын формасы (IZVESHENIYE STI – 011);».

2. 1 жана 2-тиркемелер тийиштүүлүгүнө жараша ушул буйруктун 4 жана 5-тиркемелери менен алмаштырылсын.

3.Санариптик трансформациялоо башкармалыгы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын расмий сайтында жайгашкан кабарламалардын формаларын жана мүлк салыгынын суммаларын эсептөө жөнүндө салык органынын кабарламасын толтуруу жана тапшыруу тартибинин нускамаларын ушул буйруктун тиркемелерине ылайык алмаштырууну камсыз кылсын.

4.Жергиликтүү салыктар башкармалыгы санариптик трансформациялоо башкармалыгы жана "Салык сервис" мамлекеттик мекемеси менен бирдикте

“Мүлк” модулундагы кабарламалардын өзгөртүлгөн формаларын техникалык ишке ашырууну артычылык кезекте камсыз кылсын.

5.Иш кагаздар менен камсыздоо жана контролдоо бөлүмү (А.Дж. Маматбекова) ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын борбордук аппаратынын түзүмдүк бөлүктөрүнө жана аймактык салык органдарына жеткирсин.

6.Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын төрагасынын орун басарлары И.Н.Кыдыргычовго жана А.С.Дубанаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **А.К.Абдувапов**